# ТЕРЕҢ УРМАТТУУ
# ТИЛЕКТЕШ ИШЕМКУЛОВИЧ!

**Тилектеш Ишемкулов агайдын 85 жылдык мааракеси** — бул кыргыз коомчулугу, журналистикасы жана педагогикасы үчүн зор окуя. Болочок журналисттер үчүн Тилектеш Ишемкулов агайдын өмүрү — өзүнчө университет, өзүнчө өрнөктүү жол.

Биз студент кезде Тилектеш агай "Советтик Кыргызстан" гезитинин башкы редактору болчу. Биз ошол кишиге суктанаар элек: "Ушул кишидей журналист болсок, башкы редактор болсок, ушул кишидей эл тааныган инсан болсок" — деп кыялданчубуз. Ал ар дайым жаштардын устаты боюнча кала бермекчи. СССР доорунда журналистиканын эки эле мектеби бар эле: бирөө — Улуттук университеттин журналистика бөлүмү, экинчиси — ошол доордогу эки гезит: "Советтик Кыргызстан" жана "Ленинчил жаш". Кыргызстандагы акыркы 40 –50 жылдагы журналисттердин көбү ушул эки журналистика мектебинин уясынан учуп чыккандар — Улуттук университеттин журналистика бөлүмү жана Ишемкулов жетектеген "Советтик Кыргызстан" (азыркы "Кыргыз Туусу") гезити.

Экинчи жагдай — мен Тилектеш агай менен 2–3 жыл удаа Бишкек мамлекеттик университетинде мамлекеттик комиссиянын төрагасы катары иштешип калдым. Ошондо агайды абдан жакындан билдим. Агай ар бир студентинин тагдырын, үй-бүлөлүк абалын, мүнөзүн, ал тургай оош-кыйыштарын да билет экен. Себеби, мамлекеттик экзамен учурунда кээ бир студент билбей калат же даярданбай келет, ал эми агай алардын ар биринин өмүр баянын айтып берип, кызыктуу жагдайларды эскерип турчу. Студенттерге өтө аталык камкордук менен мамиле кылат экен. Ошондуктан, мен байкагандай, агайдын көзөмөлүндө болгон студенттердин бири да үч алган жок — дээрлик көбү "4" жана "5" деген баа менен бүтүштү.

Агайдын эс тутуму абдан уникалдуу. Ал бала кезинен тартып, университетте, Москвада окуган күндөрүн, комсомолдук партиялык кызматтагы жылдарын жана ошол доордогу адамдарды даана эстейт. Агай ар бирин дайыма жакшы маанайда эскерет. Ошондуктан анын билгендери, жазгандары жана айткандары — биз үчүн зор сабак жана мурас.

Агайдын ырлары аз, бирок ошол аз эле ырлары элге жатталып кеткен. Ал — чыныгы чыгармачыл, адамгерчиликтүү инсан, биз үлгү алчу инсан. Агай менен баарлашкан адам өзүн табият койнунда эс алып келгендей сезет. Мен агай менен ар жолу баарлашканда чоң ырахат алам.

Эң кызыгы — ал өзүнүн кичүү шакирттеринин баарын, алардын китептерин, макалаларын окуп, дайыма кабардар болуп турат. Кээде өзүнүн ой-пикирин да жазып, кеңешин берет. Бул — чыныгы устаттын колунан келе турган мамиле деп эсептейм. Ошондой эле ал бардык шакирттери менен сый мамиледе.

Кыргыз журналистикасы Тилектеш Ишемкуловичтей улуу инсан менен сыймыктанат. Мен агайдын 80 жылдык мааракесине катышкам, эми 85 жылдык мааракесине да катышууга аракет кылам. Агайга мен зор ден-соолук каалайм. Агайдын уулу Данай — менин курсташым, ошондуктан аксакалыбыз бизге уулундай мамиле кылат.

Профессор дагы көп жакшылыктардын күбөсү болуусун каалайм. Кыргыз журналистикасында 90 жашка чыккан журналист азырынча боло элек. Мен биринчи болуп, Тилектеш агай ошол куракка жетип, торколуу 90 жылдык мааракесине катышсак экен деп чын дилден тилек кылып кетем!

**Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар Союзунун төрагасы,**
**саясий илимдердин доктору Каныбек Иманалиев**